Абдыкеримова А.Э.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АКЫН ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВДИН ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ПОЭЗИЯСЫ ТУУРАЛУУ

Таланттуу лирик катары да, чебер саясий-публицист акын катары да таанылган Ш.Дүйшеевдин поэзиясы башкаларга окшобогон индивидуалдуу-лугу, оригиналдуулугу, көркөм-эстетикалык кунары менен өзгөчөлөнүп турат. Акындын көркөм чыгармалары салттуу ыр формасында да, эркин ыр формасында да болуп, алардын тематикалык алкагы абдан кеңири. Чыгармаларында адамдарга, айлана-чөйрөгө, курчап турган ааламга, өмүр-тиричиликтин албан түрдүү кубулуштарына карата көз карашын, туулган жери, Ата-Журтуна деген ысык ыкласы менен сагынычын, табият менен турмушка мамилесин көркөм сөз, образдуу ой аркылуу таасирдүү жеткире билген. Автор турмуштун катардагы эле бир көрүнүшүнөн кайталангыстыкты, бийиктикти, поэтикалык маанини табуу менен, ошол көрүнүштү да, анын артындагы терең мазмунду да индивидуалдуу формада чагылдыра алат. Ар кимибиз күндө көз менен көрүп, көңүл менен түшүнүп жүргөн көрүнүштөрдү Ш.Дүйшеев жөнөкөй гана, ошол эле учурда өтө көркөм сүрөттөй билет. Ошондуктан акындын ар бир чыгармасын предметтик чындык менен көркөм чындыктын ажырагыс бүтүндүгү деп эсептөөгө болот. Себеби Ш.Дүйшеевдин поэзиясында образдуу-лук, конкреттүүлүк, элестүүлүк, предметтүүлүк даана байкалып, сүрөттөп-чагылдыруу ушунчалык реалдуу, конкреттүү мүнөзгө ээ болгондуктан, көп учурда көркөм чагылдыруу менен реалдуулуктун чеги жоюлуп кеткендей таасир калтырат. Мисалы:

Асман чарчап булутун көтаралбай,

а чагылган шиши ным, көзөй албай.

Жамаачы тон жол менен жалгыз аяк,

жаз келатат жөтөлүп, жөтөлө албай

(«Асман чарчап…»);

Көп учурда көз менен көрүп, кол менен кармай албаган назик сезим кубулуштарын да акын реалисттик түрдө, таасирдүү жеткире алган. Ошондой эле турмуш-тиричилик менен табияттын ортосундагы бири-бирине өтүп отурган органикалык терең байланыштарды да кылдаттык менен ачып бере алган. Муну менен Ш.Дүйшеев өз чыгармачылыгында курчап турган табияттын стихиясынын, реалдуу чындыктын, адамдын сезимдери менен субьективдүү толгонууларынын, көркөм чындыктын жана көркөм кыялдын синкретизминен турган өзгөчө поэтикалык системаны жарата алган деп айтууга болот. Ошондуктан анын чыгармаларынан бир эле учурда жаратылыштын да, коомдук турмуштун да, жеке адамдын дүйнөсүнүн жана жан дүйнөсүнүн да «илеби» келип тургансыйт. Акындын чыгармалары терең мазмундуу ой менен катар, кыргыз жыттанган этнографиялык боекчолорго абдан бай.

Ш.Дүйшеевдин поэзиясындагы көркөм ойлоо менен көркөм таанымдын биримдиги акындын логикасы менен айкалышып келип, обьективдүү чындыкты таануу аркылуу курчап турган дүйнөнү жеткиликтүү жана таасирдүү чагылдырып берет. Ал нерселердин, көрүнүштөрдүн, кубулуштардын жана процесстердин маңызын таанып-билүү, сырткы түзүлүш-турпатын кабылдоо менен гана чектелбей, алардын табиятын бүтүндөй, майда-баратына чейин терең талдап, ички мазмунун ачып берүүгө умтулат. Ш.Дүйшеев поэзиясында аналитикалык ой жүгүртүү менен гана чектелип калбастан, ага кошумча көркөм образдар аркылуу элестүү, образдуу ойлонуу, кыялды чындык менен айкалыштыруу, анын негизинде абстракттуудан конкреттүүлүккө, жекеден жалпыга же жалпыдан жекеге өтүү принциптерин чеберчилик менен колдонот. Ошондуктан акындын ырларын жандуу организм деп эсептөөгө болот. Сөздүн

образдуулугу, уйкаштык, ыргак, терең сезим жана терең ой тексттерине жан бергендей. Ошондой эле поэтикалык чыгармаларындагы угуу, көрүү, сезүү образдары менен эмоционалдык образдардын дааналыгы  конкреттүү түрдө берилген фактылык маалыматты, мазмунду, анын артында көмүскөдө турган подтексттик маалыматты да туюнууда, аңдап-түшүнүүдө олуттуу роль ойнойт. Ш.Дүйшеевдин чыгармаларын  бир эле учурдагы жөнөкөйлүгү жана татаалдыгы, ашкере образдуулугу жана «супсактыгы» менен мүнөздөөгө болот [2].

Ш.Дүйшеев – учурдагы кыргыз публицистикалык поэзиясынын алдыңкы сабында турган акын. Анткени анын активдүү акындык жана инсандык табият-насили сырттагы турмуш тууралуу арбын жана курч жазууга түрткү берген. Ш.Дүйшеевдин публицистикалык поэзияга багыт алышынын алгачкы көрүнүштөрү катары 1989-жылы жарык көргөн «Сүйлөшкөнгө чейинки сөз» жыйнагындагы айрым ырлары эсептелет. Аталган жыйнактын «Агындылар», «Таштын алдындагы күн» деп аталган бөлүмдөрүндө шаар жана кыштак турмушу, жалпы эле карапайым кыргыз элинин турмушу, башкача айтканда, социалдык тематика алдыңкы планга чыга баштайт. Эмне жөнүндө жазбасын, биринчи кезекте, турмуштагы терс көрүнүштөрдү ашкере сезимталдык менен кабыл алуу, ага чыдамсыз, а түгүл кээде кыйкымчыл мамиле жасоо - Ш.Дүйшеевдин акындык дүйнөтуюмунун өзгөчөлүгү [1].

Маселен, анда шаар турмушу жөнүндө бир топ ырлар бар. Турмушу «шакардай кайнаган», адамдар «аарылардай быкылдаган», балдар ойногонго аянты, карга учар асманы, конор жери жок – акын шаарды ушундайча көрөт («Балдар»). Ал тургай, «мрамордон плаш, граниттен өтүк кийген, таш кишилер тукумдаган» деп («Элеттиктер»), шаарды муздак образда элестетет. Ошол эле ырында:

…аяп турам,

же таптакыр шаардык болбой,

же айылдык болбой калган

элеттиктер силерди ойлоп… деп, айылдыктарга боор ооруу сезимин туюндурган саптар да бар.

«Жүз кат» деп аталган публицистикалык ырлар циклинде акын Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки, тактап айтканда, 90-жж. коомдун шартында, асыресе, элет жергесинде пайда болгон терс көрүнүштөрдү таасын чагылдырып берген. «Жүз кат» деген аталыш шарттуу, цикл так сандар менен белгиленген отуз жети каттан турат. Биздин оюбузча, коомдук турмуштагы улам жаңы социалдык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында, бул отуз жети кат дагы көбөйүп, толукталышы ыктымал, анткени Ш.Дүйшеевдин акындык натурасы бир чек менен токтоп калбайт деп айтууга болот.

«Биринчи катта» лирикалык каарман айылынын ал-ахыбалын сураса, ага мындайча жооп алганы баяндалган:

-Шүгүрчүлүк,

Жатабыз эски көңдүн кыгына окшоп,

Ат таканын дат баскан мыгына окшоп.

-Айыл кандай? - деп сурапсың, айлың турат,

арык, майып буттарын араң кармап,

чылпагы чыккан көзүн бардап-бардап, күн батар жакты тиктеп –

шылуундар тоноп кеткен,

жылаңач денесине жыртылган ороп чепкен…

Ал эми «Үчүнчү катта» коомдун саясий-экономикалык турмушунун өзгөрүшү, базар мамилелеринин орношу айыл адамдардын бир даарын байытып, бир даарын кайыр суроого мажбур кылганы айтылган:

Заманың кайыр сурап,

Турат тышта кешиги жок.

Медетиң мектебинен калды быйыл,

Бутунда өтүгү жок.

Айылда колхоз-совхоздор жоюлуп, мурдагыдай иш жок болгондуктан, куураган турмуштун айынан элеттиктер массалык түрдө шаарларга, борборго, Чүй бооруна көчүп кеткени «Он бешинчи катта» чагылдырылган:

Бирөөнүн оту күйсө,

бирөөнүн оту үлпүлдөп өчүп жатат.

Чүйгө оогон көп, чүйгүн издеп, өтө көп,

киндик каны тамган жерин сатып ийип

шатырап Ат-Башыңдан көчүп жатат…

Ошентип коломто сууп,

көч кетти изи менен,

колунда жок кайда барат,

колунда барлар көчтү титиреген,

абышка, кемпир калды ити менен…

Ошентип, «Жүз кат» циклинде Кыргызстан өлкөсүнүн портрети Ш.Дүйшеев тарабынан төмөнкүчө жалпылаштырылып тартылып берилген:

Эң арзан мугалими,

эң арзан жазуучусу,

эң арзан артиси бар,

жупжука бөлкөсү бар,

кыргыздын өлкөсү бар,

кана ким сатып алат?

(«Отуз үчүнчү кат»).

Ал эми кыргыз жергесинин, кыргыз өлкөсүнүн мындай абалга туш келишинин себебин акын мындайча түшүндүрөт:

Сени, кыргыз,

так талашкан уулдарың талап-тоноп,

тытып жеп түгөтүштү.

Камчыларын өрүп алып,

казаныңды бөлүп алып…

Манасы жок элден дайым дал ушинтип,

Абыке, Көбөш чыгат.

Каныкейи жок энелер,

Кайрымы жок балдарды төрөп турат!.. («Отуз жетинчи кат»).

Ш.Дүйшеевдин публицистикалык поэзиясынын туу чокусу – «Кайдыгерлик» аттуу ыры. Адабиятчы А.Садыков акын Ш.Дүйшеевдин көпчүлүк публицистикалык чыгармала-рын, анын ичинде «Кайдыгерликти» сатиралык чыгарма катары караган [4: 126-138]. Биз бул пикирге кошула албайбыз, себеби аталган чыгарма жана ал сыяктуу коомдук курч проблемаларды көтөрүп чыккан «Эштек байке», «Эне тилин унуткандар», «Кыянаттык», «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Эсиңе кел», «Дардаң мырза», «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз», «Кыргызбай жана Кыргызгүл баяны», «Кыргыз келиндин арманы» сыяктуу ырлары – публицистикалык поэзиянын бардык талаптарына жооп берген чыгармалар. Алардан автордун акын катары, өз улутунун патриоту катары, элинин атуулу катары үнү жана позициясы айкын байкалып турат.

Ш.Дүйшеевдин публицистикалык поэзиясынын уюган жери болгон «Кайдыгерликте» азыркы заманда көпчүлүк социалдык терс көрүнүштөр, оркойгон «оорулар» адамдардын пассивдүүлүгүнөн, бардыгына макул болуп, башка чапса былк этпес өлүк абалга келген кайдыгерлигинен улам чыгып жатканы тайманбастан айтылган. Акын бул көрүнүштү XX кылымдын 80-жж. акырында эле туура мүнөздөптүр. Кайдыгерлик – коомдогу толгон-токой негативдүү көрүнүштөргө, ыпластык-тарга өбөлгө болуп, шарт түзгөн типтүү көрүнүш, ал эми «Кайдыгерлик» - алардын курч тилдин жардамы менен көркөм чагылдырылышы.

«Кайдыгерлик» деген эме

кашайтып көзүбүздү,

айттырбай сөзүбүздү,

бычаксыз канап бүттүк.

«Кайдыгерлик» дегендин

капканынан чыкпай жүрүп,

жаманын да,

жакшысын да,

гүлүн дагы,

күлүн дагы

бир жерге камап бүттүк.

Акын көркөм туюнткандай, биз үчүн ыйык эч нерсе болбой калды, бардыгын ылгабай калдык. Кайдыгерликтин кесепетинен коомубузда кейиштүү көрүнүштөр биринен сала бири ачыкка кашкайып чыкса дагы, дагы эле кайдыгерликтин кесепетинен аларга учурунда тигиндей же мындай реакция жасабадык:

Таш болуп катып калган таш боор

мерес жанды көрдүк, унчукпадык,

кайдыгерлик, кайдыгерлик!

Итибиз үрүп турса,

Ишибиз жүрүп турат деп ойлодук…

Элибиздин кылымдардан бери келе жаткан атын өзгөртүп, башкача атты таңуулаганда да башыбызды көтөрүп, кайрып сөз айта албай, макул болуп кала бердик. Кыргыздын түбүнө жете турган илдеттердин бир дал ушул кайдыгерлик болуп жатпайбы. Ошондуктан Ш.Дүйшеев жогорудагы ырын адам болуу, жан дүйнөнү байытуу тууралуу чакырыктар менен аяктаганы логикалуу деп айтууга болот:

Жаралып калган үчүн корстон болбой,

Жан багып жүргөн үчүн арстан болбой,

Адам бол деп жатпайбы сүйгөн жарды.

Адам бол деп жатпайбы билген жанды.

Кыргыздын кайдыгерлигинин дагы бир көрүнүшү – анын өз эне тилине жасаган мамилеси. Залкар жазуучу Ч.Айтматов айткандай: «Эне тил – бул эне, анын алдында инсандык милдет бар». Азыркы кезде мамлекеттик тил статусуна ээ болгону менен, кыргыз тили, эне тилибиз кризистик ахыбалда турганы эч кимге деле жаңылык, ачылыш эмес. Кагаз бетинде, оозеки саймедирегенде укмуштай сөздөр айтылганы менен, иш жүзүндө улуттук тилибиздин чыныгы мамлекеттик тил даражасында жашай албай жатканын жашыруу кажет эмес. Кыргыз тилин Кыргызстандан бөлөк эч жерде сактоого, өнүктүрүүгө мүмкүн эместигин, тил жоголсо, тил менен кошо улут жоголорун эмнегедир көпчүлүгүбүз аңдабай, анча-мынча аңдап-түшүнсөк да кол шилтеп кайдыгер мамиледе болуп коюп жатканыбызда тана албайбыз.

Мына ушул маселелер публицист акын Ш.Дүйшеевдин көз жаздымында калган жок. Улуу «Манасты» жаратып, укумдан-тукумга сакталып келген эне тилибиздин бүгүнкү күндөгү абалына атуул катары да, акын катары да, адам катары да күйүп-бышаар жөнү бар. Жөн гана өз алдынча күйүп-бышып койбостон, башкалардын да аң-сезимине жетсин таризинде көркөм сөздүн жардамы менен айтат:

Бөрк ал десе башыңдан кан алышкан,

Бөдөнөдөй бөжөңдөп жан багышкан.

Эне тилин унутуп мансап үчүн,

Эх, канчалар маңкуртка айланышкан…/

Калдайгандын баары эле канат эмес.

Кабыландын баары эле Манас эмес.

Калкын чанган, калкынын тилин чанган

Кан болсо да кыргыздын баласы эмес./

Тил жоголбойт,

Жоголсо жоголот дил.

Тукумуң да,

Тууруң да жоголот, бил!...

(«Эне тилин унуткандар»).

Ш.Дүйшеевдин публицистикалык поэзиясында эне тил темасы менен үндөш дагы бир тема – кыргыздын тарыхый жер-суу аттарынын өзгөртүлүшү темасы бар. Бул маселе азын-оолак «Кайдыгерлик» аттуу ырында козголуп өтсө дагы, акындын «Кыянаттык» аттуу ыры бүтүндөй ушул темага арналган.

Жер аттарын өзгөртүп кыяматтык,

Жерге-сууга жасадык кыянаттык!...

Кыргызым-ай, кылгырып туруп бердиң,

Кыргызча аттын баарын бурмаладык!...

– деп акын, өзгөчө, совет жылдары кыргыздын каалагандай бурмаланган, орусташкан жер-суу аттарын күйүп-бышуу менен санап өтөт.

Деги эле, Ш.Дүйшеевдин публицистикалык мүнөздөгү ар бир ыры тематикасына карабастан, коомдогу чыркыраган чындыкты, көңүл өйүткөн түрдүү социалдык көрүнүштөрдү окурмандардын аң-сезимине, жүрөгүнө жетерлик деңгээлде, курч, таамай айтып-ачып бергени менен өзгөчөлөнөт.  Алсак, «Ысык-Көлдү сакта дейсиң» аттуу ырында адеп-ыйман экологиясы, адам пейилинин экологиясы тууралуу кеп жүрүп, бул маселелер Ысык-Көлдүн экологиясы менен байланышта берилсе, «Эсиңе кел» аттуу ырында азыркы мезгилде коомубузда күч алып бараткан терс көрүнүш – балдардын өз ата-энелерин карылар үйүнё өткөрүшү, карысын урматтап-сыйлап, ата-энени пириндей көргөн кыргыз салтынын бузулушу тууралуу сөз болот. Ал эми «Эгемендүү Эштек», «Дардаң мырза» сыяктуу чыгармаларында  эгемендик жылдарындагы кыргыз коомундагы карапайым адамдардын типтүү образы чагылдырылып берилген.

«Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» деп аталган публицистикалык чыгармасы азыркы мезгилдеги кыргыз элинин, кыргыз коомчулугунун эң көйгөйлүү проблемасы – жердештик, трайбализм, аймактык жана уруучулук жактан бөлүнүүчүлүк маселесине арналган. Акындын пикиринде, кыргызды жер бетинен жексен кыла турган, кыргыздын атын булгай турган эң оор көрүнүш – дал ушул, башкача айтканда, бөлүнүүчүлүк. Алакандай кыргызды чүйлүк, оштук, нарындык, таластык ж.б., же болбосо уруулук тиешелүүлүгү боюнча сарбагыш, саяк, бугу, солто, кушчу, саруу ж.б. деп бөлүү жалпы элдин биримдигин бузуп, алга өнүгүүгө кедерги келтирген фактор экени аталган ырда өтө таамай көрсөтүлгөн. Эгер мындай жаман илдет токтотулбаса, акыр түбү кыргыздын тамырына балта чабары төмөнкү саптар аркылуу берилген:

Бөртүп-бөртүп көз жашың агат, Кыргыз,

Бөксөлөрдө сөөк-саагың калат, Кыргыз.

Бөтөн колдон ажалды издебегин,

Бөлүнгөндөн ажалын табат Кыргыз./

Бөлөк, бөлөк алпарып бөлөт, Кыргыз,

Бөлөт дагы өзүңдү көмөт, кыргыз.

Бөтөн колдон өлүмдү издебегин.

Бөлүнгөндөн акыры өлөт, Кыргыз!

Жалпысынан алганда, Ш.Дүйшеевдин публицистикалык поэзиясында коомдун турмушунун урунттуу жагдайлары бутага алынып, көркөм сөздүн жардамы менен кайра чагылдырылып берилген. Андан мекенчилдиктин, улутчулдуктун духу байкалып турат. Бирок мында улутчулдук дегенди тар мааниде, шовинизм катары карабоо керек. Ш.Дүйшеевдин улутчулдугу – улуттук сезимди козгоп, ар-намысыңа келтирип, кайдыгерликтен – атуулдук активдүү позицияга, пастыктан – бийиктикке, арамдыктан – арүүлукка, маңкурт-чулуктан – манасчылыкка, ыпластыктан – изгиликке, бөлүнүүдөн – биримдик-ынтымакка чакырып турган улутчулдук.

Ырасында, бул макалада Шайлообек акындын публицистикалык поэзиясы тууралуу азын-оолак гана сөз болду, анткени бул багытта айта берчү, талдай берчү маселелер арбын. Анын бардыгын тизмектеп иликтөөгө алуу бир макала эмес, өзүнчө илимий монографиялык изилдөөнүн предмети боло алат.

Ал эми жалпылай келсек, Ш.Дүйшеевдин акындык жолу бир топ эле ийгиликтүү болду десек жарашат. Анын чыгармачылыгынын болуп-толгон мезгили социалисттик реализмдин, цензуранын жоюлуп, сөз эркиндигине кеңири жол ачылган заманга туш келиши акындагы чыгармачылык потенциалды толугу менен ачып берүүгө өбөлгө түздү. Ш.Дүйшеевдин акындык милдетине эгемендикке туш келген калкынын ырын ырдап, муңун муңдоо шыбагасы туш келип, буга чейин поэтикалык иликтөөгө алына элек темалардын жаңы өңүтүн ачуу, көркөм дүйнөнүн өзүнчө ачылышын табуу убаракерчилигине тушукту. Кыргыздын кыйындыгы, боз үйдүн кереметн, ак калпактын кооздугу, «Манасынын» улуулугу социализм мезгилинде эле ырга салынган, бирок анда кыргыздын арыз-арманы, улуттук бечаралыгы, өз жеринде өзү түрткүнчүк болуп күн кечиргени баяндалбаган. Ийгиликтерден баш айланган ал заманда улуттук эн-белгилерге көбүрөөк айланчыктагандарга улутчул жарлыгы тагылып, адабий сындын ур-тепкисинде калганы жашыруун деле эмес. Ш.Дүйшеевдин поэтикалык феноменинин кыргыз кыртышында көгөрүп-көктөп чыгышы бир катар обьективдүү, субьективдүү себептерге байланыштуу деп айтууга болот. Бирок алардын бардыгын текши санап, анын акындык өзгөчөлүгүн шарттап турган белгилерди ачып берүү болочокто кенен-кесир иликтөөгө алынууга тийиш. Анткени, журналист Н.Капаров мүнөздөгөндөй, «… Шайлообек – көп кырдуу талант, уникалдуу акын. Ал Саякбайдай манасчы, Осмонкулдай дастанчы, Ысмайылдай жамакчы, Ысактай кошокчу, Жоомарттай өткүр, Мидиндей лирик, Байдылдадай тапан, Соорoнбайдай тыкан, Райкандай төкмө, Алыкулдай муңдуу, Сагындай сырдуу, Ашымдай зергер, Салижандай таамай, Жалилдей өжөр, Рамистей тентек, Сүйүнбайдай жөнтөк, Турардай чынчыл, Жолондой эр көкүрөк, Токтогулдай нуска, Пушкиндей сүрөткер акын…» [3]. Демек, сүрөткердин таланты, кимдиги мезгил арылаган сайын улам ачылып, катылган сырлары бир четинен суурулуп чыга берет деп ойлойбуз.

Адабияттар:

1. Дүйшеев Ш. «Көзүмө көрүнгөндүн баарын эмес, жүрөгүмө урунгандын барын жаздым». //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. -№ 1.

2. Жумабаев И. Көрктүү табият, көйгөйү көп турмуш. //Адабий Ала-Тоо. -2008. -№ 17 (66).

3. Капаров Н. Теңир колдогон талант. //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. -№ 1.

4. Садыков А. Жоомарт, Чыңгыз жана Шайлообек. –Бишкек, 2009.

5. Дүйшеев Ш. Сүйлөшкөнгө чейинки сөз. –Фрунзе: Адабият, 1989.

6. Шайлообек. Арабадагы ыр. – 2. -Бишкек: Педагогика, 2001.

7. Дүйшеев Ш. Шакен азган. –Бишкек: Учкун, 2004.

8. Дүйшеев Ш. Шам ал. –Бишкек: Бийиктик, 2010.